**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**БЕКИТЕМИН**

ОшМУнун окуу иштери боюнча
проректору, педагогика илимдеринин
кандидаты, доцент

______________________Божонов З.С.

«____»_____________________ 2020-ж.

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

## БАГЫТЫ: 710400 «ПРОГРАММАЛЫК ИНЖЕНЕРИЯ»

**Академиялык даража:** Бакалавр

**Окутуунун түрү:** күндүзгү

**Ош 2020-жыл**

## МАЗМУНУ

**1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**...4
1.1. 710400 – «Программалык инженерия» багытынын бакаларвдык программасынын негизги билим беруу программасы ...4
1.2. НББПда кездешүүчү терминдер, аныктамалар, белгилөөлөр, кыскартуулар ...4
**2. ДАЯРДООНУН БАГЫТЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ**...5
2.1. ЖКББ НББПнын максаттары...6
2.2. Бакалаврлар ээ болуучу компетенциялар ...6
2.3. Окутуунун натыйжалары...8
2.4. Окутуунун максаты менен окутуунун натыйжалардын дал келүүчүлүк матрицасы...10
2.5. Компетенциялар матрицасы...11
2.6. ЖКББ НББП ны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү ...15
2.7. ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу...15
2.8. Абитуриенттердин (талапкерлердин) даярдыгынын билим деңгээлине талаптар ...15
**3. КЕСИПТИК ИШМЕРДИКТИН МҮНӨЗДӨМӨСҮ** ...15
3.1. НББПны пайдалануучулар ...15
3.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш чөйрөсү...16
3.3. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү...16
**4. НББПНЫ ИШКЕ АШЫРУУНУН ШАРТТАРЫНА КАРАТА ЖАЛПЫ ТАЛАПТАР**...16
4.1. ЖОЖдун НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар...16
4.2. Студенттердин НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар ...17
4.3. Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү ...18
4.4. Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү ...18
4.5. Бакалаврларды даярдоодогу НББПсына талаптар...18
**5. БАКАЛАВРЛАРДЫ ДАЯРДОО НББПНЫ ИШЕ АШЫРУУ ШАРТЫНА КОЮЛГАН ТАЛАПТАР** ...19
5.1. Окуу жараянын кадрлык камсыздоо ...19
5.2. Окутуу жараянын укуктуу-усулдук жана маалыматын камсыздоо ...19
5.3. Окутуу жараянын материалдык техникалык камсыздоо ...19
5.4. Бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапаттын баалоо...21
**6. ОКУУ ПЛАНЫ**...23
6.1. Бакалаврды даярдоонун ЖКББ НББПнын түзүмү...23
6.2. Кредиттердин дисциплиналарга бөлүнүшү...26
6.3. Жумушчу окуу планы...28
**7. ОКУУ ПЛАНДЫН ГУМАНИТАРДЫК, СОЦИАЛДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК ЦИКЛЫНДАГЫ ДИСЦИПЛИНАЛАРДЫН ПРОГРАММАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ**...31
**8. ОКУУ ПЛАНДЫН МАТЕМАТИКА ЖАНА ТАБИГИЙ-ИЛИМИЙ ЦИКЛЫНДАГЫ ДИСЦИПЛИНАЛАРДЫН ПРОГРАММАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ** ...39
**9. ОКУУ ПЛАНДЫН ПРОФЕССИОНАЛДЫК ЦИКЛЫНДАГЫ ДИСЦИПЛИНАЛАРДЫН ПРОГРАММАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ** ...45
**10. ОКУУ ПЛАНДЫН ВАРИАТИВДИК БӨЛҮГҮНДӨГҮ ДИСЦИПЛИНАЛАРДЫН ПРОГРАММАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ** ...57
**11. ОКУУ ПЛАНЫНДАГЫ ПРАКТИКАЛАРДЫН ПРОГРАММАСЫНА АННОТАЦИЯ** ...62
8.1. Окуу-таанышуу практика...62
8.2. Өндүрүштүк практика...62

8.3. Квалификациялык практика....................64
**9. ОКУУ ПЛАНЫНДАГЫ БҮТҮРҮҮЧҮ КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК ИШТИ ДАЯРДОО ЖАНА КОРГОО ПРОГРАММАСЫНА АННОТАЦИЯ** ....................66
**10. МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ** ....................67
**11. ПРОГРАММАНЫН КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫНЫН КАРТАСЫ** ....................67

# 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

## 1.1. 710400 – «Программалык инженерия» багытынын бакаларвдык программасынын негизги билим беруу программасы

Ош мамлекеттик университетинин Математика жана информациялык технологиялар факультетинин **710400 – Программалык инженерия** программасы боюнча бакалардык негизги билим берүү программасы (НББП) Мамлекеттик билим берүү стандартына «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү билим берүү жаатындагы аныктаган тартипте башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте бекитилген (Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы (30- апрель 2003-жыл № 92),Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын редакцияларында 28- декабрь 2006-жыл № 225, 31-июль 2007-жыл № 111, 31-июль 2007-жыл № 115, 20-январь 2009-жыл № 10, 17-июнь 2009-жыл № 185, 15-январь 2010-жыл № 2, 13-июнь 2011-жыл № 42, 8-август 2011-жыл № 150, 29-декабрь 2011-жыл № 255, 23-август 2011-жыл № 496, 29-май 2012-жыл № 347, 30-июль 2013-жыл №176) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүү жаатындагы аныктаган тартиптеги башка ченемдик укуктук актыларына, Ош мамлекеттик университетинин студенттеринин илим-изилдөө, өндүрүштүк, илимий-педагогикылык практикаларын өткөрүү боюнча жобого (ОшМУ, 2016), Ош мамлекеттик университетинде мамлекеттикаттестацияны уюштуруу жөнүндө жобого (ОшМУ, 2016) ылайык иштелип чыкты.

НББП АССТ кафедрасында өткөрүлгөн жыйынында, МИТ факультетинин илимий-усулдук семинарларында талкууланып, каралган.

НББП окутуунун максатын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун, билим берүү процессин ишке ашыруунун шарттарын жана технологияларын, көрсөтүлгөн багыт боюнча бүтүрүүчүнү даярдоонун сапатын баалоону регламентейт. НББП өзүнүн ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:

а) максаттарын;
б) окутуудан күтүлүүчү натыйжаларды;
в) окуу планын;
г) жумушчу окуу планын;
д) программанын компетенциялар картасын;
д) окуу планындагы дисциплиналардын программасынын аннотацияларын;
е) практикалардын программасынын аннотациясыларын;

## 1.2. НББПда кездешүүчү терминдер, аныктамалар, белгилөөлөр, кыскартуулар

Каралып жаткан НББПда Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына жана Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү эл-аралык документтерге туура келген терминдер жана аныктамалар колдонулат:

- **даярдоонун программасы** – ар түрдүү профилдеги фундаменталдуу даярдоонун жалпылыгы негизиндеги интеграцияланган жогорку кесиптик билим берүү кадрларды (адистерди, бакалаврларды жана магистрлерди) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;

- **профили** – негизги билим берүү программасынын конкреттүү бир түргө багытталышы жана (же) кесиптик иш объекти;
- **дисциплиналардын цикли** – окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу дисциплиналарынын жыйындысы;
- **модуль** – окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу дисциплинасынын бөлүгү;
- **компетенттүүлүк** – тийиштүү тармакта кесиптик иш жүргүзүү үчүн зарыл жекече сапаттардын, билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн кыймылдуу комбинациясы;
- **бакалавр** – академиялык даража, ал 4 жылдан кем эмес окуу мөөнөтү менен билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн адамдарга аттестациянын натыйжалары боюнча ыйгарылат жана ага ээ болгондорго белгилүү бир кесиптик иш жүргүзүүгө же тийиштүү багыт боюнча «магистр» академиялык даражасын алуу үчүн окуусун улантууга жардам берет;
- **магистр** – акдемиялык даража, ал тийиштүү багыт боюнча бакалавр академиялык даражасына ээ болгон жана эки жылдан кем эмес ченемдик окуу мөөнөтүндө жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн адамдарга аттестациялардын жыйынтыгы боюнча ыйгарылат жана ээ болгондорго белгилүү бир кесиптик иш жүргүзүүгө же аспирантурада окуусун улантууга жардам берет;
- **зачеттук бирдик (кредит)** – негизги кесиптик билим берүү программасынын сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;
- **окутуунун натыйжалары** – негизги билим берүү программасы модулу боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.

**Кыскартуулар жана белгилөөлөр**:

МББС - Мамлекеттик билим берүү стандарты;
ЖКББ - жогорку кесиптик билим берүү;
НББП - негизги билим берүү программасы;
ОМБ - окуу-методикалык бирикме;
НББП ДЦ - негизги билим берүү программасынын дисциплиналарынын цикли;
ЖИК - жалпы илимий компетенциялар;
АК - аспаптык компетенциялар;
КК - кесиптик компетенциялар;
СИЖМК - социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар.

## 2. ДАЯРДООНУН БАГЫТЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

710400 – «Программалык инженерия» багыты боюнча Мамлекеттик жогорку билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүү жаатында аныктаган башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте бекитилген.

Мамлекеттик жогорку билим берүү стандартын аткаруу бакалаврларды даярдоо боюнча жогорку кесиптик билим берүү программаларды ишке ашыруучу бардык ЖОЖдор

үчүн, уюштуруучулук-укуктук тариздерине (формаларына) карабастан, милдеттүү болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасында **710400 «Программалык инженерия»** багытындагы жогорку билимдүү адистерди даярдоо боюнча төмөнкүлөр ишке ашырылат:

- ЖОЖдун бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтык аттестациясынан ийгиликтүү өткөн жождордун бүтүрүүчүлөрүнө **«бакалавр»** академиялык даражасын ыйгаруу менен жогорку билими тууралуу диплом берилет.

## 2.1. ЖКББ НББПнын максаттары

**710400 «Программалык инженерия» программасы боюнча бакалаврды даярдоодогу негизги билим берүү программасынын максаттары (М):**

Бакалардык НББП программасынын максаты - социалдык буйрутманы эске алуу менен жана ар дайым өнүгүп келе жаткан маалыматтык технологиялардын талаптарына ылайык, жасалма интеллект жана программалык камсыздоону иштеп чыгуу жаатында заманбап эмгек рыногунда талап кылынган квалификациялуу кадрларды даярдоо болуп эсептелет.

ЖКББ НББПнын максаты ОшМУнун миссиясынын негизинде аныктал Программалык инженерия багытында “бакалавр” академиялык баскычындагы адистерди даярдоодо төмөнкү максаттар аныкталган:

- **М1:** натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү, социалдык мобилдүү, эмгек рыногуна туруктуу, маданияттуу, универсалдуу, квалификациялуу IT адисттерди даярдоо;
- **М2:** ички, региондук жана дүйнөлүк эмгек рыногунун талаптарына жооп берген өзүнүн интеллектуалдык потенциалын, өндүрүштө жана кесиптик ишмердүүлүктө, илимде жүзөгө ашыра ала турган жогорку профессионалдык кадрларды даярдоо;
- **М3:** жаштардын адептик, маданий жана илимий баалуулуктарын жогорулатуу менен улуттук, руханий маданиятты калыптандыруу;

## 2.2. Бакалаврлар ээ болуучу компетенциялар

**710400 – Программалык инженерия** багыты боюнча даярдалып, «бакалавр» академикалык даражага ээ болгон бүтүрүүчү, бул ЖКББ МББСын 3.4 жана 3.8 пп. көрсөтүлгөн НББПгы максатка жана профессионалдык ишкердүүлүк милдеттерге ылыйык төмөндөгү компетенцияларга ээ болуусу керек:

***а) универсалдуу:***

**- жалпы илимий (ЖИК):**

- **ЖИК-1** курчап турган дүйнө жөнүндө бирдиктүү системада илимий билимге ээ болот, жашоо жана маданият баалуулуктарды түшүнүүгө жөндөмдүү;
- **ЖИК-2** математика /табигий/ гуманитардык/ экономика илимдердин негизги жоболорун профессионалдык маселелерди чечүүдө колдонууга жөндөмдүү;
- **ЖИК-3** өз алдынча жогорку даражада жаңы билимди заманбап маалымат технологияларды колдонуу менен ээ болууга жөндөмдүү;
- **ЖИК-4** изилдөө жөндөмдүүлүктүн негизги ыкмаларын колдонуу менен, долбоорлор менен иштөөгө катышууга жана аларды ишке ашырууга чечимдерди кабыл алууга, адаттагы жана инновациялык идеяларды түшүнүүгө жана колдонууга жөндөмдүү;
- **ЖИК-5** илимде, техника жана технологияларда, профессионалдык чөйрөдө социал-экономикалык жана маданий натыйжалуулукту баалап жана талдоого жөндөмдүү;

- **ЖИК-6** илимий негизде өзүнүн эмгегин баалоого, өзүнүн жасаган ишинин жыйынтыгын жогорку деңгээлде баалоого жөндөмдүү;

**- инструменталдык (ИК):**

- **ИК-1** маалыматты кабыл алууга, корутунду чыгарууга жана талдоого, максатты коюуга жана ага жетүүгө жол тандоого жөндөмдүү;
- **ИК-2** мамлекеттик жана расмий тилде өз оюн оозеки жана жазуу түрлөрүндө логикалык жактан туура, далил менен жана түшүнүктүү ачып берүүгө жөндөмдүү;
- **ИК-3** социалдык мамиле жүргүзүү деңгээлинде бир чет тилди билүү;
- **ИК-4** ишкердүү мамиле жүргүзүүнү ишке ашырууга жөндөмдүү: эл алдында чыгып сүйлөөгө, пикир алмашууга, жыйындарды өткөрүүгө, иш менен байланышкан кат жазууга, электрондук коммуникацияга;
- **ИК-5** маалыматтарды иштеп чыгуунун жана сактоонун негизги усулдарын, ыкмаларын жана каражаттарын компьютер менен иштөөдө, жана дагы маалыматтарды башкарууну, анын ичинде, глобалдуу компьютердик тармактар жана корпоративдик маалымат системаларын билет;
- **ИК-6** уюштурулган чечимдерди иштеп чыгууга катышууга жөндөмдүү.

**-социалдык-жекечилик жана жалпы маданий (СЖК):**

- **СЖК-1** коомдо кабыл алынган моралдык жана укук нормаларынын негизинде социалдык бирдиктүү кызматташууга жөндөмдүү, элдерди сыйлоону, башка маданиятка толеранттуулугун, партнердук мамилени колдоого даярдыгын көрсөтө алат;
- **СЖК-2** өзүнүн кадыр-баркын жана кемчиликтерин сын көз караш менен баалоону билет, кадыр-баркын жогорулатууга жана кемчиликтерин жоюуга аракеттерди тандап жана белгилей алат;
- **СЖК-3** граждандык демократиялык коом баалуулугунун негизинде маектешүүгө даяр жана жөндөмдүү, активдүү граждандык позицияны ээлөөгө жөндөмдүү;
- **СЖК-4** дени сак жашоо, жаратылышты коргоо жана ресурстарды рационалдуу колдонуу үчүн окуп билген билимин колдонууга жөндөмдүү;
- **СЖК-5** коллективде иштөөгө жөндөмдүү, анын ичинде жоопкерчиликтүү долбоорлор үстүндө.

***б) профессионалдык (ПК):***

***аналитикалык иште:***

- **КК-1** программалык долбоордо предметтик тармакты түзүүгө жана программалык натыйжалуулук компоненттери үчүн спецификацияларды иштеп чыгууга жөндөмдүү;

***долбоордук иште:***

- **КК-2** долбоорлоодо, конструкциялоодо, программалык натыйжаларды терстирлөөдө информатика жана программалоонун негизин колдонууга жөндөмдүү;
- **КК-3** окулган баштапкы коддун, документациянын негизги идеясын окууга, түшүнүүгө жана белгилөөгө жөндөмдүү;
- **КК-4 объектини** моделдештирүүгө жөндөмдүү;
- **КК-5** программалык интерфейс түзүүгө жөндөмдүү.

***технологиялык иште:***

- **КК-6** операциялык системаларды, тармактык технологияларды, программалык интерфейстерди иштеп чыгуу каражаттарын колдонууга, формалдык спецификация тилдерин жана ыкмаларын, маалымат базасын башкаруу системасын пайдаланууга жөндөмдүү;

***өндүрүштүк иште:***

– **КК-7** программалык камсыздоону иштеп чыгуунун негизги инструменттерин жана ыкмаларын колдонууга жөндөмдүү;
– **КК-8** программалык камсыздоонун концепциясын жана атрибуттук сапаттарын түшүнүүгө жөндөмдүү;

***уюштуруучулук-башкаруучулук иште:***

– **КК-9** цикл моделдерин, башкаруу процессин иштеп чыгуу талаптар ыкмаларын, долбоорлоону, конструкциялоону, тестирлөөнү, эволюция жана коштоп жүрүүнү түшүнүүгө жөндөмдүү;

***сервистик-эксплуатациалык иште:***

– **КК-10** программалык камсыздоонун эволюция жана коштоп жүрүү негизги концепция жана ыкмаларын, реинженеринг и рефакторинг, техникалык көз караш менен эволюциялык иштин өзгөчөлүгүн түшүнүүгө жөндөмдүү.

***в) ЖОЖ тарабынан аныкталган адистик боюнча кошумча компетенциялар (АКК):***

– **АКК-1** интернет-технологияларды ишке ашыруу каражаттарын долбоорлоого, мобилдик, веб чөйрөсүндөгү долбоорлорду иштеп чыгууга, долбоорлоочу документтердин бардык түрлөрү менен иштөөгө жана иштеп чыгууга жөндөмдүү.

## 2.3. Окутуунун натыйжалары

**710400 «Программалык инженерия»** бакалавр программасынын бүтүрүүчүсү НББП максатына жана маселелерине ылайык кесиптик иш-мердүүлүгүндө төмөнкү натыйжаларга ээ болушу зарыл:

**1-таблица. Окутуунун натыйжалары**

710400 «Программалык инженерия» бакалавр программасын даярдоо багытынын Веб-технологиялар жана мобильдик системаларды программалык камсыздоо профилинин НББПсында төмөнкүдөй окутуунун натыйжалары (ОН) пландаштырылат:

| № | Окутуунун натыйжалары | Компетенциялар |
|---|---|---|
| ОН1 | ***Жалпы илимий ишмердүүлүк:*** Курчап турган дүйнө жөнүндө илимий билимге ээ, маданият баалуулуктарды түшүнгөн, математикалык/ табигий/ гуманитардык/ экономикалык илимдердин негизги жоболорун профессионалдык маселелерди чечүүдө колдоно алган, өз алдынча жаңы билимге ээ болууга, долбоорлор менен иштөөгө катышууга, аларды ишке ашырууга, чечимдерди кабыл алууга, инновациялык идеяларды түшүнүүгө, илимде, техника жана технологияларда, профессионалдык чөйрөдө социал-экономикалык жана маданий натыйжалуулукту баалап талдоого, илимий негизде өзүнүн эмгегин баалоого жөндөмдүү; | ЖИК-1, ЖИК-2, ЖИК-3, ЖИК-4, ЖИК-5, ЖИК-6 |
| ОН2 | ***Инструменталдык ишмердүүлүк:*** маалыматты кабыл алып корутунду чыгарууга, талдоого, максатты коюуга, ага жетүүгө жол тандоого, мамлекеттик жана расмий тилде өз оюн эркин түшүндүрүүгө, социалдык мобилдүү, ишкердүү мамиле жүргүзүүгө, маалыматтарды иштеп чыгуунун жана сактоонун негизги усулдарын, ыкмаларын, каражаттарын, глобалдуу компьютердик | ИК-1, ИК-2, ИК-3, ИК-4, ИК-5, ИК-6 |

| | | |
|---|---|---|
| | тармактар жана корпоративдик маалымат системаларын билүү менен уюштурулган чечимдерди иштеп чыгууга катышууга жөндөмдүү; | |
| ОН3 | ***Социалдык-жекечилик жана жалпы маданий ишмердүүлүк:*** коомдо кабыл алынган моралдык жана укук нормалардын негизинде социалдык бирдиктүү кызматташууга, коллективде иштөөгө, элдерди сыйлоогө, башка маданиятка толеранттуу мамиле кылууга, өзүн сын көз караш менен баалоону билүүгө, граждандык демократиялык коом баалуулугунун негизинде маектешүүгө даяр, дени сак жашоого, жаратылышты коргоо, ресурстарды рационалдуу колдонууга жөндөмдүү; | СЖК-1, СЖК-2, СЖК-3, СЖК-4, СЖК-5 |
| ОН4 | ***Долбоордук-конструктордук ишмердүүлүк:*** долбоорлоодо, конструкциялоодо, программалык натыйжаларды терстирлөөдө информатика жана программалоонун негизин колдонууга, окулган баштапкы коддун, документациянын негизги идеясын түшүнүүгө, моделдештирүүгө, программалык интерфейс түзүүгө жөндөмдүү; | КК-1, КК-2, КК-3, КК-4, КК-5 |
| ОН5 | ***Технологиялык ишмердүүлүк:*** операциялык системаларды, тармактык технологияларды, программалык интерфейстерди иштеп чыгуу каражаттарын колдонууга, программалоо тилдерин жана ыкмаларын, маалымат базасын башкаруу системасын пайдаланууга жөндөмдүү; | КК-6 |
| ОН6 | ***Өндүрүштүк ишмердүүлүк:*** программалык камсыздоону иштеп чыгуунун негизги инструменттерин жана ыкмаларын колдонууга, программалык камсыздоонун концепциясын жана атрибуттук сапаттарын түшүнүүгө жөндөмдүү; | КК-7, КК-8 |
| ОН7 | ***Уюштуруу-башкаруучулук ишмердүүлүк:*** долбоорлорду башкаруу системалары менен иштөөгө, цикл моделдерин, башкаруу процессин иштеп чыгуу ыкмаларын, долбоорлоону, конструкциялоону, тестирлөөнү, эволюция жана коштоп жүрүүнү түшүнүүгө жөндөмдүү; | КК-9 |
| ОН8 | ***Сервистик-эксплуатациалык ишмердүүлүк:*** жөнөкөй жана пайдалануучулардын бардык катмарларын эске алуу менен жасалган интерфейске ээ болгон программалык өндүрүмдөрдү түзүүгө жана пайдалана билүүгө, программалардын жана программалык комплекстердин үзгүлтүксүз иштеп туруусун жана алардын бүтүндүгүн камсыздап турууга, программалардын жана программалык комплектерди сервистик зарылчылыкка жараша адаптациялоого жана оңдоп түзөөгө жөндөмдүү; | КК-10 |
| ОН9 | ***Веб чөйрөсүндөгү ишмердүүлүк:*** интернет тармагында клиент-сервер технологияларын колдонуу менен веб тиркемелерди түзүүгө, интернет тармагы боюнча бизнес долбоорлорду түзүүгө, ишке ашыра билүүгө, мобилдик, веб чөйрөсүндөгү долбоорлорду иштеп | АКК-11 |

| | | |
|---|---|---|
| | чыгууга, долбоорлоочу документтердин бардык түрлөрү менен иштөөгө жана иштеп чыгууга жөндөмдүү. | |

**2.4. Окутуунун максаты менен окутуунун натыйжалардын дал келүүчүлүк матрицасы**

1-таблица. Максат менен окутуунун натыйжаларынын дал келүүчүлүк матрицасы

| | **М1** | **М2** | **М3** |
|---|---|---|---|
| ОН1 | | | + |
| ОН2 | | + | + |
| ОН3 | | | + |
| ОН4 | + | + | |
| ОН5 | + | + | |
| ОН6 | + | | |
| ОН7 | + | + | |
| ОН8 | + | + | |
| ОН9 | + | + | |

## 2.5. Компетенциялар матрицасы

Компетенциялар матрицасы 1-тиркемеде келтирилди

| Семестри | Дисциплиналардын, практикалардын ж.б. аталышы | Кредиттин жалпы саны | ЖИК-1 | ЖИК-2 | ЖИК-3 | ЖИК-4 | ЖИК-5 | ЖИК-6 | ИК-1 | ИК-2 | ИК-3 | ИК-4 | ИК-5 | ИК-6 | СЖК-1 | СЖК-2 | СЖК-3 | СЖК-4 | СЖК-5 | КК-1 | КК-2 | КК-3 | КК-4 | КК-5 | КК-6 | КК-7 | КК-8 | КК-9 | КК-10 | АКК-11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **I. ГУМАНИТАРДЫК, СОЦИАЛДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК ЦИКЛ (900 часов или 30 кр)** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***Базалык бөлүк (28 кредит)*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1,2 | Кыргыз тили жана адабияты | 8 | | | | | | | | + | | + | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1 | Орус тили | 4 | | | | | | | | + | | + | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | Чет тили | 4 | | | | | | | | + | + | + | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4 | Кыргызстандын тарыхы | 4 | + | | | | + | | + | | | | | | + | | + | | | | | | | | | | | | | |
| 3 | Философия | 4 | + | | | | + | | + | | | | | | + | + | + | | | | | | | | | | | | | |
| 4 | Кыргызстандын география | 2 | + | | | | | | | | | | | | | | | + | | | | | | | | | | | | |
| 1 | Манас таануу | 2 | | + | | | | | | + | | + | | | + | + | + | | | | | | | | | | | | | |
| | ***Бардыгы:*** | ***28*** | | | | | | | | | | | | | | | , | | | | | | | | | | | | | |
| | ***Вариативдик бөлүк (2 кредит)*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***ЖОЖ компонент*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1 | Дисциплина 1 | 2 | | + | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | + | |
| | ***ГСЭ циклы боюнча жалпы:*** | ***30*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| **II. МАТЕМАТИКАЛЫК ЖАНА ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ЦИКЛИ (1170 саат же 39 кредит)** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***Базалык бөлүк (28 кредит)*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1,2, 3 | Математика | 10 | | + | | | | | + | | | | | | + | | | | + | | | | | | | | | | | |
| 1,2 | Информатика | 8 | | | + | + | | | + | | | | + | + | | | | | + | | | | | | | | | | | |
| 3,4 | Жалпы физика | 8 | + | + | | | | | + | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3 | Экология | 2 | + | + | | | | | | | | | | | | | | + | | | | | | | | | | | | |
| | ***Базалык бөлүк боюнча бардыгы:*** | ***28*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***Вариативдик бөлүк (11 кредит)*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***ЖОЖ компонент*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Дисциплина 1 | 6 | | | | | | | | | | |+| | | | | | |+| | | |+| |+| | | |+|
| | ***Тандоо курсу*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3 | Дисциплина 1 | 5 | | | | | | | | | | |+| | | | | | |+| | | |+| |+| | | |+|
| | ***Вариативдик бөлүк боюнча бардыгы:*** | ***11*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***МЕН циклы боюнча жалпы:*** | ***39*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| **III. КЕСИПТИК ЦИКЛ (4140 саат же 138 кредит)** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***Базалык бөлүк (64 кредит)*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1 | Программалык Инженерияга киришүү | 3 | | | | | | | | | | | | | | | | | | |+| | | | | | | | | |
| 7 | Системалык программалоо | 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | | |+| |+| | |+| | | | |
| 5,6 | Алгоритмдер жана маалымат структуралары | 6 | | | | | | | | | | | | | | | | | |+| | | |+| | |+| | | |
| 2 | Операциялык системалар | 5 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |+| | | |+|+| | | |
| 5,6 | Заманбап скриптик программалоо тилдери | 7 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |+| |+| | | |+|
| 5 | Компьютердик графика | 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | |+| | |+|+| | | | | | |
| 5 | Маалымат базасы | 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |+|+| | | | |+|
| 6 | Программалык инженериянын экономикасы | 2 | |+| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |+| |
| 5 | Программалык системанын архитектурасы жана долбоорлоо | 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |+| |+| | | |
| 4 | Эсептөө систем архитектурасы | 5 | | | | | | | | | | | | | | | | | | |+| | | | | | |+| | |
| 3 | Жашоо аракет коопсуздугу | 2 | | | | | | | | | | | | | | | | |+| | | | | |+| | | | | |
| 7 | Программалык камсыздоону конструкциялоо | 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |+|+| |
| 6,7 | Структураланган программалоо | 7 | | | | | | | | | | | | | | | | | |+| | | |+| | |+| | | |
| 6 | Маалыматтарды коргоо ыкмалары жана каражаттары | 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |+| |+|
| 6 | Объекттик- ориентациялык программалоо | 3 | | | | | | | | | | | | | | | | | |+| | | |+| | |+| | | |
| | ***Базалык бөлүк боюнча бардыгы:*** | ***64*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***Вариативдик бөлүк (74 кредит)*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***ЖОЖ компонент (46 кредит)*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1,2 | Дисциплина 1 | 8 | | | | | | | | | | |+| | | | | | |+| | | |+| |+| | | | |
| 8 | Дисциплина 2 | 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | |+| | | |+| |+| | | |+|
| 5 | Дисциплина 3 | 4 | | | | | | | | | | |+| | | | | | | |+| | | |+|+| | | |+|

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Дисциплина 4 | 3 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | + | | | | + | + | | | |
| 7 | Дисциплина 5 | 5 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | + | + | + | | | | | | | + |
| 3,4 | Дисциплина 6 | 8 | | | | | + | | | | | | | + | | | | | | | | | | | | | | | | + |
| 7 | Дисциплина 7 | 3 | | | | | | | | | | | | | | | | | | + | | | | + | | + | | | | + |
| 8 | Дисциплина 8 | 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | + | + | + | | | | | + | | |
| 7 | Дисциплина 9 | 3 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | + | + | | | | | + |
| 7 | Дисциплина 10 | 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | + | + | | + | | | + | + | + |
| | ***Бардыгы:*** | ***46*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***Тандоо курсу (28 кредит)*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | Дисциплина 1 | 4 | | | | | | | | | | | + | | | | | | | | + | | | | + | + | | | | + |
| 4 | Дисциплина 2 | 5 | | | | | | | | | | | + | + | | | | | | + | | | | + | | + | | | | + |
| 5 | Дисциплина 3 | 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | + | + | + | | | | | + | | + |
| 6 | Дисциплина 4 | 6 | | | | | | | | | | | | | | | | | | + | + | + | | | | | | | + | |
| 7 | Дисциплина 5 | 5 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | + | + | | + | | | + | + | |
| 8 | Дисциплина 6 | 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | + | | + | | | | | | | + |
| | **Бардыгы:** | ***28*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***Вариативдик бөлүк боюнча жалпы:*** | ***74*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***Профессионалдык цикл боюнча жалпы:*** | ***13 8*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| **IV. ПРАКТИКАЛАР (450 саат же 15 кредит)** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***Практикалардын аталышы*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | Окуу өндүрүштүк практикасы | 3 | + | | + | | | | | | | | | | | | | | | | | + | + | | + | | + | | + | |
| 4 | 1 - өндүрүштүк практикасы | 3 | | | | | | | | | | + | | | | | | + | + | | | | | | + | | + | | + | |
| 6 | 2 - өндүрүштүк практикасы | 3 | | | | | | | | | | + | | | | | | + | + | | | | | | + | | + | | + | |
| 8 | Квалиф. практика | 6 | | | + | | + | + | | | | | | | | | | | | | | | | | | | + | | | + |
| | ***Бардыгы:*** | ***15*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы (450 чсаат же 15 кредит)*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4 | Дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу Гос. аттестация. | 3 | | | | + | + | | | | | | | | | | | | | | | + | + | | | | | + | | |
| 8 | Дисциплиналар аралык багытында Гос. Экзамен | 6 | | | | + | + | | | | | | | | | | | | | | | + | + | | | | | + | | |
| 8 | Бүтүрүү квалификациялык иштерди коргоо | 6 | | | + | | + | + | | | | + | | | | | | | | | | | | | | | + | | | |

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Бардыгы:*** | ***15*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***Курстук иштер (120 саат же 4 кредит)*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1 | Компьютердик инженерияга киришүү | 1 | | | | + | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3 | Дисциплина 1 | 1 | | | | + | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 5 | Санариптик электроника жана санариптик сигналды иштетүү | 1 | | | | + | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***Бардыгы:*** | ***3*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | ***ЖББП жалпы сыйымдуулугу (7200 саат же 240 кредит):*** | ***240*** | **6** | **6** | **4** | **6** | **7** | **3** | **5** | **4** | **1** | **7** | **6** | **3** | **4** | **2** | **4** | **4** | **5** | **11** | **10** | **11** | **11** | **13** | **12** | **11** | **11** | **10** | **10** | **17** |

### 2.6. ЖКББ НББП ны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү

Күндүзгү окуу формасындагы жалпы орто же кесиптик орто билим базасында **710400 – Программалык инженерия**багыты бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүүдөгү мөөнөтү 4 жылды түзөт.

Күндүзгү окуу формалары боюнча бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан жана дистанттык билим берүү технологияларын пайдаланылган учурдагы мөөнөттөрү Жож тарабынан күндүзгү окуу формасындагы өздөштүрүүнүн белгиленген ченем мөөнөтүнө салыштырмалуу бир жылга узартылат.

Бакалаврларды даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн башка ченем мөөнөттөрүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилейт.

### 2.7. ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу

Бакалаврларды даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу 240 тан кем эмес кредитке (зачеттук бирдикке) барабар.

Күндүзгү окуу формасы боюнча окуу жылындагы ЖКББ НББПнын эмгек сыйымдуулугу 60тан кем эмес кредитке (зачеттук бирдикке) барабар.

Бир кредит (зачеттук бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичинде анын аудиториялык, өз алдынча иштери жана аттестациянын бардык түрлөрү каралат).

Күндүзгү окуу формалары боюнча негизги билим берүү программасынын, ошондой эле, окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан жана дистанттык билим берүү технологиялары пайдаланылган учурдагы эмгек сыйымдуулугу окуу жылы үчүн 45 кредиттен (зачеттук бирдиктен) кем эмести түзөт.

### 2.8. Абитуриенттердин (талапкерлердин) даярдыгынын билим деңгээлине талаптар

"Бакалавр" академиялык даражасын алуу менен жогорку кесиптик билим алууга талапкер абитуриенттин билим деңгээли – жалпы орто билим же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билим.

Абитуриенттин жалпы орто билими же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документи болушу керек.

## 3. КЕСИПТИК ИШМЕРДИКТИН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

### 3.1. НББПны пайдалануучулар

Азыркы ЖКББ МББСын **710400 – Программалык инженерия** багытынын негизги колдонуучулары төмөнкүлөр:

ЖОЖдордун администрациясы жана илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер), өздөрүнүн жождорундагы ошол багыт жана даярдоонун деңгээли боюнча илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин эсепке алып, негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуу, натыйжалуу ишке киргизүү жана жаңылоо үчүн жооптуу адамдар;

- ЖОЖдун даярдоонун ошол багытындагы негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жоопту студенттер;
- тийиштүү кесиптик иш чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органынын тапшыруусу боюнча негизги билим берүү

программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;

- жогорку кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары;

- аткаруу бийлигинин жогорку кесиптик билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышына контролду камсыз кылуучу, жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндө аттестацияны, аккредитацияны жана сапатка контролду жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары.

### 3.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш чөйрөсү

Бүтүрүүчүлөрдү кесиптик ишине даярдоо багыты боюнча **710400 – Программалык инженерия** багыты өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- программалык долбоор (программалык натыйжаны иштеп чыгуу долбоору);
- программалык натыйжа (программалык камсыздоону түзүү);
- программалык натыйжанын зарылчылык циклынын процесстери;
- программалык натыйжаны иштеп чыгуу ыкмалары жана куралдары;
- зарылчылык циклынын процесстерине катышуучу, персонал.

### 3.3. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү

Бүтүрүүчү даярдалып жаткан, негизги, кесиптик жөндөмдүүлүктүн конкретүү түрлөрүн жож жана кызыктар болгон иш берүүчү менен бергеликте иштелип чыккан билим берүү программасынын мазунунда аныкталышы керек.:

- долбоордук-конструктордук;
- технологиялык- ишмердүүлүк;
- өндүрүштүк – ишмердүүлүк;
- уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгү;
- түздөө-оңдоо ишмердүүлүгү;
- Веб чөйрөдөгү ишмердүүлүгү;
- сервистик-эксплуатациалык.

## 4. НББПНЫ ИШКЕ АШЫРУУНУН ШАРТТАРЫНА КАРАТА ЖАЛПЫ ТАЛАПТАР

### 4.1. ЖОЖдун НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар

ЖОЖдор даярдоонун багыты боюнча негизги билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. НББП Кыргыз Республикасынын даярдоо багыттары боюнча эмгек рыногунда керектүүлөрүн эсепке алуу менен тийиштүү мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгылат.

ЖОЖдор НББПны илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эсепке алып, ЖОЖдо билим берүүнүн сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөндөгүлөрдө камтылган сунуш-көрсөтмөлөрдү карманууу менен жыл сайын жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегиялардын иштелмесинде;

- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоонун мониторингинде;

- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү өтүү тартиптеринин иштелмелеринде;

- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылууда;

- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылууда, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлдөөдө, мунун ичинде окуп жаткандарды сурап билүү жолу менен;

- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү мекемелери менен катар коюп салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдө;

- коомчулукка өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары, пландары, жаңылоолору тууралуу маалымдоодо.

Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо алардын күндөгү, аралыктык жана жыйынтык мамлекеттик аттестациясын камтышы керек. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү алардын жекече жетишкендиктерин тийиштүү НББПсынын этаптуу же түпкү талаптарына ылайык келгидей кылып аттестациялоо үчүн, баалоочу каражаттардагы типтүү тапшырмаларды, текшерүү жумуштарын, тесттерди ж.б. камтуучу, билимин, билгичтигин жана ээ болгон компетенцияларынын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү базалар түзүлөт. Баалоочу каражаттардын базаларын ЖОЖ иштеп чыгат жана бекитет.

Бүтүрүүчү квалификация ишинин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө карата талаптар жогорку окуу жайдын белгиленген тартиби боюнча аныкталат.

НББПны иштеп чыгууда ЖОЖду бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн өзү уюштурууну жана системалык-ишмердик мүнөздөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталуусу керек. ЖОЖ өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн түзүүгө, инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү.

ЖОЖ окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентинде студенттин өз алдынча башкаруусун өнүктүрөт, студенттердин коомдук иштерге, спорттук жана чыгармачылык клубдарга, илимий студенттик коомдорго катышуусуна шарт түзөт, аны өнүтүрүүгө көмөктөш болууга милдеттүү.

Жогорку окуу жайынын НББПсы студенттин тандоосу боюнча болгон дисциплинаны ар бир циклдин вариативдүү бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмүн түзүүсү керек. Студенттин каалоосу боюнча дисциплиналарды түзүүнүн тартибин ЖОЖдун окумуштуулар кеңеши аныктайт.

ЖОЖ студенттердин өзүлөрүнүн окуу программасын түзгөнгө катышууга реалдуу мүмкүнчүлүк берүүгө милдеттүү.

ЖОЖ НББПны түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттүүлүктөрү менен тааныштырууга, студенттер тандап алган дисциплиналар алар үчүн милдеттүү болуп эсептелерин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

### 4.2. Студенттердин НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар

Студенттер студенттин тандоосу боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүндө НББПда алдын ала каралган конкреттүү дисциплинаны тандап алууга укуктуу.

Студент өзүнүн жекече билим берүү траекториясын түзүүдө дисциплинаны тандоо боюнча Жождон консультация алууга жана аларды даярдоодогу (адистештирүүдөгү) болочок профилине таасир этүүгө укугу бар.

НББПны өздөштүрүүдө натыйжалуулукка жетишүү максатында СИЖМКны өнүктүрүү бөлүгүндө студенттер студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

Студенттер жождун НББПсында алдын ала каралган бардык тапшырмаларды аныкталып белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

### 4.3. Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү

Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен, жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Күндүзгү окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына ЖКББнын деңгээлинде жана даярдоо багытынын спецификасын эсепке алуу менен, ар бир окуу дисциплинасын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 50%тин түзөөрүн Мамлекеттик билим берүү стандарты аныктайт.

### 4.4. Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү

Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү 7-10 жуманы түзүүсү керек, мунун ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмес.

### 4.5. Бакалаврларды даярдоодогу НББПсына талаптар

Бакалаврларды даярдоодо НББП төмөнкү *окуу циклдерин* (табл.) окутуу каралат:

- гуманитардык, социалдык жана экономикалык цикл (900 саат же 30 кредит);
- математика жана табигий-илимий цикл (1170 саат же 39 кредит);
- профессионалдык цикл (4140 саат же 138 кредит)

*жана бөлүмдөр;*

- практикалар (450 саат же 15 кредит) (окуу таанышуу, өндүрүштүк, квалификациялык практикалар);
- жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы.

Сабактардын ар бир цикли **базалык (милдеттүү түрдөгү)** бөлүккө жана ЖОЖ тарабынан аныкталчу **вариативдик (профилдик)** бөлүккө ээ болот. Вариативдик (профилдик) бөлүк базалык сабактардын мазмуну менен аныкталуучу билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк берип, байырлык сабактардын мазмунун аныктайт. Өзгөрмө (вариативдик) бөлүк эки бөлүктөн турат: **ЖОЖдук курам жана студенттердин тандоосу боюнча түзүлгөн сабактардан турат.**

## 5. БАКАЛАВРЛАРДЫ ДАЯРДОО НББПНЫ ИШЕ АШЫРУУ ШАРТЫНА КОЮЛГАН ТАЛАПТАР

### 5.1. Окуу жараянын кадрлык камсыздоо

ЖББП бакалаврларды даярдоодо, эреже боюнча, өткөрүүчү профилдик дисциплиналарга дал келген негизги билими бар жана илимий жана (же) илимий-усулдук иш алып барган педагогика адистери менен камсыздоо керек.

Профессионалдык циклдын окутуучулары, эреже боюнча, илимдин кандидаты, доктору дилимий даражасы жана (же) профессионалдык сферага дал келген ишкердик тажрыйбасы бар болуу керек.

Илимий наам жана (же) илимий даражасы бар окутуучулар пайызы, азыргы ЖББП боюнча билим берүү процессин камсыз кылган окутуучулардын жалпы санынын ичинен, 35%дан кем эмес болуу керек.

Окутуучулардын жалпы санынан 10 пайызга чейин, илимий даражасы жана/же илимий наамы бар адистер, бул багыт (профиль) боюнча акыркы 10 жылда практикалык иштерде тажрыйбасы бар жетекчи же башкы специалист кызмат ордундагы адистер менен алмашуусу мүмкүн.

### 5.2. Окутуу жараянын укуктуу-усулдук жана маалыматын камсыздоо

Бакалаврларды даярдоо НББПсын ишке ашыруу ар бир студенттин негизги билим берүү программасынын сабактарынын толук саны боюнча түзүлгөн китепкана фондусуна жана берилген базаларга кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыздайт. Жогорку окуу жайынын билим берүү программасы (түзүлүүчү зиректигин эсепке алуу менен аныкталган) тажрыйбалык практикум жана амалияттык сабактар камтылат.

IT - технологиянын теориясынын жана практикасынын өтө тез өнүгүшүнүн натыйжасында негизги жана жардамчы адабияттарды төмөнкү сайттарда чыгарылуучу интернет булактардан алууга болот:

http://soft.oshsu.kg/
http://window.edu.ru/window_catalog,
http://fmi.asf.ru/Library/Book.
http://itteach.ru
http://intuit.ru
http://studfiles.ru ж.б

### 5.3. Окутуу жараянын материалдык техникалык камсыздоо

АСжСТ кафедрасына караштуу 1 кабинет - 216; 2 мультмедиалык лекциялык аудитория – 203, 236. Ошондой эле лабораториялык кабинеттер – 302, 303, 307. НББП окутуу жараянында колдонулган материалдык техникалык база 5.1-таблицада берилген. Бакалаврларды даярдаган НББПны ишке ашырган жогорку окуу жайлары учурдагы тазалык жана өрткө каршы эрежелерге жана ченемдерге тура келген, жогорку окуу жайлардын окуу планында каралган студенттерди тажрыйбалык, сабактык жана сабакаралык даярдоону, практикалык жана илим-изилдөө иштеринин бүт түрлөрүн жүргүзүүнү камсыздаган техникалык база менен камсыз болуусу зарыл.

Бакалаврдык программаны ишке ашыруу үчүн минималдуу керек материалдык техникалык каражаттар төмөнкүдөй:

- окуу адабияттары жана класстары азыркы учурдагы компьютерлер менен, интернетке чыгуучу бириккен локалдык эсептөө тармактары. Практикалык иштерди аткарууга студентке мүмкүнчүлүк түзүү үчүн ар кандай архитектурадагы (бир

ядердик, көп ядердик, параллель жана топтоштурулган процессорлор) электрондук эсептөө машиналары;

- жождун ЖБПсына ылайык ар бир сабак тиешелүү түрдө лицензияланган программалык продуктылар менен камсыздануусу.

Окуу процессин жабдоочу программалык каражаттар төмөнкүлөрдү камтыйт:

*Базалык:*

- операциялык системалар;
- программалоо тилдери (колдонуу чөйрөлөрү боюнча тилдердин түрлөрү (парадигмалар))
- программалык чөйрөлөр (текстик процессорлор, электрондук таблицалар, персоналдык маалымат системалары, графиктик презентациялоо программалары, браузерлер, электрондук беттердин редакторлору, почталык клиенттер, растрдык графиктердин редакторлору, вектордук графиктердин редакторлору, басып чыгаруучу системдер, иштеп чыгаруучу каражаттар);
- чоңдуктар базасын башкаруучу системалар, чоңдуктарды сактоону башкаруучу каражаттар, чоңдуктарды көрсөтүүнү башкаруучу каражаттар;

*Колдонмо:*

- чөйрөлөр боюнча колдонуунун маалымат системалар;
- автоматташтырылган долбоорлоо.
- илимий изилдөө иштерин жүргүзүдө студенттерди технопарктардагы жана бизнес инкубаторлордогу иштөө мүмкүнчүлүгү менен жабдуу.
- ЖОЖ электрондук материалдарды колдонууда ар бир окуучуну өз алдынча даярдануусу үчүн компьютердик класста тиешелүү түрдө интернетке чыга ала турган жумушчу орду менен камсыз кылуусу ылайык. Инернетке чыгууну 100% камсыз кылат.

**5.1-таблица. Лабораториялык-техникалык база (Веб-технологиялар жана мобильдик системаларды программалык камсыздоо профили)**

| **Техникалык изилдөөчүлүк ж.б. лабораториялар база** | **Ушул техникалык изилдөөчүлүк жана башка лабораториялык база колдонулган дисциплиналардын аталышы** | **Жайгашкан жери, аудиториянын №** |
|---|---|---|
| Окуу кааналары | Кыргыз, англис, орус тилдери каанасы ж.б. | 319, 223, 205, 337, 318, 320, 327, 322 |
| Лекциялык залдар | Лекциялык сааттар камтылган дисциплиналар | 201, 309, 327, 323, 324, 331, 329 |
| 10 ноутбук, 1 заманбап интерактивдик доска (3 в 1), 1 түстүү принтер | Санарип көндүмдөр борбору | 236 |
| 1 компьютер, 1 принтер | Окуу-таанышуу практика боюнча каана | 324 |
| 11 компьютер, 1 принтер, 1 проектор, 1 интерактивдүү доска | Мультимедиалык лекциялык аудитория, видеоконференция залы | 203 |
| 38 компьютер, 1 принтер, 1 проектор, 1 интерактивдүү доска | Көз карандысыз тестирлөө борбору | |
| 10 компьютер, 1 принтер, 1 проектор, 1 интерактивдүү доска (3 в 1) | Агартуу Академиясынын лабораториясы | 232 |
| 7 компьютер, 1 проектор, 1 интерактивдүү доска | Жалпы физика жана компьютердик технологиялар лабораториясы | 234 |
| 16 компьютер, 1 заман бап интерактивдүү доска (3 в 1) | Визуалдык программалоо лабораториясы | 302 |

| | | |
|---|---|---|
| 24 компьютер, 1 проектор | Мультимедиалык лаборатория | 303 |
| 10 компьютер | Тиркемелерди төмөнкү денгээлдеги программалоо тилдеринде долбоорлоо жана иштеп чыгуу лабораториясы | 304 |
| 21 компьютер, 1 проектор | Web-тиркемелерди долбоорлоо жана иштеп чыгуу лабораториясы | 305 |
| 3 компьютер, 1 3D принтер, 1 QooCam 8K 360 камера, 2 паяльная станция, электроника окуу комплект "Arduino", 45 датчик Starter Kit модулдары | Илимий виртуалдык робототехника лабораториясы | 307 |
| 11 компьютер, 1 заман бап интерактивдүү доска (3 в 1), 1 проектор | Экономикадагы колдонмо информатика лабораториясы | 308 |
| 20 компьютер | Компьютердик долбоор жана инженердик графика лабораториясы | 310 |
| 10 компьютер | Жогорку деңгээлдеги тилдерде программалоо лабораториясы | 311 |
| 10 компьютер | Программалык камсыздоо лабораториясы | 312 |
| 10 компьютер | Колдонмо математика жана моделдештирүү лабораториясы | 314 |
| 7 компьютер | Компьютердик графика лабораториясы | 315 |
| 9 компьютер, 1 принтер | Берилгендер базасын долбоорлоо жана иштеп чыгуу лабораториясы | 316 |
| Окуу залы 54 орундуу, 10 000 дей китеп, 5 компьютер, ibooks.oshsu.kg электрондук китепканасы, «ИРБИС-64» автоматташтырылган китепканасы | Адистикке тиешелүү дисциплиналар үчүн пайдаланылат | Борбордук китепкана Ленин көчөсү, 331, 333 |
| Жаштар комитетинин каанасы 3 компьютер, 2 принтер | Жаштар комитети | 309 |
| Жатакана, 369 орундуу | Жатаканага муктаж болгон студенттер жашашат | Курманжан-Датка көчөсү, 283-1 |
| 1 ашкана | Окутуучулар, студенттер үчүн | Ленин көчөсү, 331 |
| Спорт зал, чоң теннис аянты, кичи футбол аянты | Дене тарбия | Масалиев көчөсү, 93 |

### 5.4. Бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапаттын баалоо

ЖОЖ бүтүрүүчүлөрдүн даярдоо сапаттык кепилдиги менен камсыздоо керек, анын ичинде:

Сапатты баалоону өздөштүрүүдө негизги билим берүү программасы жетишүүнүн учурдагы текшерүүнү, студенттин аралык аттестациясын жана бүтүрүүчүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын киргизүү керек.

Ар бир дисциплина боюнча билим сапатын учурдагы жана аралык текшерүүдө конкреттүү формалар жана процедуралар жож тарабынан өз алдынча иштелип чыгат жана студентке окутуунун биринчи айы ичинде билдирилет.

Студентти аттестациялоо үчүн анын персоналдуу жетишүүсү ЖББПн баскычтык талабына ылыйык (учурдагы текшерүү, аралык аттестация) негизги тапшырмаларды, текшерүү ишин, билимин, кабыл алган компетенциялар деңгээлин баалоого жол берген тестер жана текшерүү ыкмаларынан турган баалоо каражаттар фонду түзүлөт. Баалоо каражаттар фонду жож тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Жож тарабынан студент максималдуу жакындоо үчүн жетишүүнүн учурдагы текшерүү жана аралык аттестация шарттарын түзүп берүү керк, алардын келечектеги профессионалдык ишине - конкреттүү дисциплина окуучуларынан башка сырткы эксперт катары ишкерлер, дисциплиналан аралык лекция окуган окутуучулар ж.б. активдүү тарылышы керек.

Студентке, окуу процессинин мазмунун, уюштурулушун жана сапатын бүтүн баалоого, жана дагы окутуучулардын иштерин баалоого мүмкүнчүлүк болуу керек.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга бакалаврдык бүтүрүү квалификациялык ишти жактоо кирет. Мамлекеттик аттестациялык сыноо жождын ыктыяры боюнча жүргүзүлөт.

Бүтүрүүчү квалификациялык иштин (дипломдук иш) мазмуунуна, көлөмүнө жана түзүлүшөнө талаптар, жана дагы мамлекеттик сынакка талаптар (бар болсо) жогорку окуу жайы тарабынан аныкталат.

# 6. ОКУУ ПЛАНЫ

## 6.1. Бакалаврды даярдоонун ЖКББ НББПнын түзүмү

НББП төмөнкүдөй окуу циклдерин карайт:

Б.1 – гуманитардык, социалдык жана экономикалык цикл;
Б.2 – математика жана табигий-илимий цикл;
Б.3 – профециоңалдык цикл;

жана бөлүмдөр:

Б.4 – дене-тарбия;
Б.5 – практика.
Б.6 – мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация.

***Таблица – Бакалаврды даярдоонун ЖКББ НББПнын түзүмү***

| Код ЦД ООП | Өтүлгөн сабактардын циклы жана аларды өздөштүрүү жыйынтыгы | Сыйымдуулук (зачеттук бөлүк) | Сабактардын тизмеси берилген пограмманы иштөө үчүн колдонулуучу китептер | Берилген ком-циялар коду |
|---|---|---|---|---|
